# КЕЛИН АЛУУДАГЫ САЛТ – САНААЛАРДЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ (ТАЛАС ОБЛАСТЫНЫН МИСАЛЫНДА)

**УСУБАЛИЕВА А.С.**

*Бул макалада келин алууга байланышкан каада-салттар каралып, алардын улуттар арасындагы колдонуу өзгөчөлүктөрү салыштырылган. Мындан сырткары салттардын турмуштагы социалдык-философиялык мааниси чечмеленген.*

Байыркы түрк элдеринин ичинен кыргыздарда жана башка улуттарда каада-салтты бекем сактаган. Кыргыздарда үйлөнүү үлпөттөрү мурдатан эле шаан-шөкөттөр менен өткөрүлгөн. Ал салттардын бир нечеси өзгөрүп, жок болуп же кошулуп олтуруп биздин күнгө чейин жетти. Кыргыздардын үйлөнүү, нике салты башка элдердегидей эле кеңири коомдук мүнөзгө жана өзгөчөлүккө ээ. Ошондуктан үйлөнүү аземинин илгерки жана азыркы салттарына көз чаптырып көрүүнү чечтик. Макаланын негизги максаты салттардын социалдык-философиялык жана турмуштук маанисин түшүндүрүү болуп саналат.

Кайсы гана элде болбосун бала чоңоюп калган кезде, аны үйлөндүрүү ата-эненин милдети катары эсептешет. Астыртан белгилүү бир киши менен куда болууга кам уруп, өзүнүн жакын көргөн эки-үч кишини жуучуга жиберген. Талас областында жуучу жиберүү салты азыркы күндө деле бар. Кыздын ата-энеси макулдугун берсе, кызга сөйкө салып кетишкен. Мына ошентип, үйлөнүү машакаты кудалашуудан башталган. Илгертен кыргыз эли *«Куда болгуча кул-бийиңди сураш, кудалашкандан кийин кул да болсоң, сыйлаш»* деген адилет сөздөрдү эске алып, куда болуучу эки жактын ой-мүдөөлөрү бири-бирине туура келгенден кийин гана, эки жаштын келечекте боло турган тою жөнүндө кам көрүшөт. Андан кийин келин алуучу куда ордунан туруп *«Кулдугум бар кудам»* - деп колун бооруна алып кулдук урат. Ошентип кудалашуу, кулдук уруу салтынын алгачкы этабы аяктаган. Бул жерден ата-бабалардын салтында балдар бешикте жатканда жана бала энесинин боюнда кезинде макулданылган *бешик куда* жана *бел куда* деп аталган никенин формалары орун алып келсе, кийин алар колдонуудан чыгып калганын айта кеткенибиз туура болор.

Үйлөнүү расимин ырааты менен өткөрүлүүчү бир нече циклди камтыган комплекс катары кароо зарыл. Алгач күйөө менен колуктунун никеге чейинки жүз көрүшүүлөрү түзөт. Үйлөнүү тоюнун башталышы, жаштардын оюндары колуктунун атасынын үйүндө өтөөрү кыргыздар менен казактарда [1, 211-212-бет] гана эмес, алтайлыктарда жана буряттарда [2, 160-бет] да кездешкен. Жеңелери кыздын чачын экиге бөлүп өрүп, зер жасалгаларын тагып, кооз шөкүлө кийгизет. Кыз менен чоң энеси, энеси, жеңелери коштошуп, кошок аркылуу акыл-насааттарын айтышкан. Каада-салттагы бул көрүнүштөр XX к. I жарымына чейин кеңири колдонулган.

Талас өрөөнүндө жашаган кыргыздарда жана башка улуттун өкүлдөрүндө келин алып, той берүүдөгү шаан-шөкөттөрүнүн бир кыйла окшоштуктарды жана өзгөчөлүктөрдү байкадык. *"Келин келсе кут келет"* дегендей үй-бүлөгө баш кошулушу сүйүндүрбөй койбойт. Келинди үйгө киргизээрдин алдында улууларга жүгүнтүп, чачыла чачып, оозуна сары май салышат. Бул жасалган ырымдардын баары өзүнчө мааниге ээ. Айта кетсек, жүгүнүү – биринчиден, улуу адамдар менен учурашууну, саламдашууну билдирсе, экинчиден, улууларды урматтоонун, сыйлоонун белгиси болуп саналат. Бул белгини буряттарда өздөрүнүн үй-бүлө мүчөсүнө кабыл алгандыгын билгизүүдө колдонулат [1, 190-бет]. Чачыла чачканы өмүрүндө молчулук, токчулук болсун деп тилегени. Кара-Буура районунда келин келгенде кайненеси кемегеге алып барып, оттой ысык болсун деп отко жүгүндүрүп, келген жерине майлуу-сүттүү болсун деп колун жана көсөөнү майлайт [5]. Кайненеси келиндин бөлмөсүнүн ар бир бурчуна ак жалгасын деп ун чачат [5]. Колуктуга атайын улак союп, өпкөсүн [6] бала менен келинге чабат жана чапкан киши өпкөнү итке алып барып таштайт. Ал эми улактын эти менен туугандарына түлөө берет. Өпкө чапканынын себеби, садага катары чапканы жана өпкөнү итке таштаганы иттей байгам болсун [6]

дегени деп түшүнсөк болот. Бул ырым Бакай-Ата жана Кара-Буура райондорунда кеңири таралган. Ал эми жоолуктун түсү ак никенин символу катары түшүнсөк болот. Ошондуктан келинге "Ак жоолугуң башыңдан түшпөсүн, ак жолтой келин бол", "Көшөгөң көгөрсүн" [7], "Есигиң малды, дастарканың майлы болсын, көп жаса"[1, 227-бет] деп бата берүү казак-кыргыз элинде салтка айланган. Бул ырымдар эзелтеден кеңири колдонулуп келсе да өз маанисин жоготпой бүгүнкү күндө да колдонулуп келе жатат. Ырымдын мааниси башка баш кошулуп, үй-бүлө курулуп жатканын жакшы тилектер менен коштоого байланышат.

Талас областынын аймактарында жашаган кыргыздарда дагы келин алуу салтында бир нече өзгөчөлүктөрдү байкоого болот. Мисалы, Талас районунда келиндин оозуна май салуу кеңири колдонулса, ал эми Бакай-Ата жана Кара-Буура райондорунда өпкө чабуу салты кездешет. Манас районунда болсо көп улуттар жашагандыктан, ал улуттардын таасири менен келин келгенде ар түрдүү ырымдарды жасап келишет.

Талас өрөөнүндөгү жашаган казактарда келин үйгө оң буту менен киргендигин изилдөөлөр көрсөттү. *"От ана, май ана кабыл ет, аруак – кудай разы болсын"* [1, 224-бет] деп келинге табакка чок алып келип ага жүгүнтөт. Кайыненесинин бир колунда адырашман, экинчи колунда сары май болот. Келин өз колу менен адырашманды чокко салып, үстүнө майды салып, жытын жыттайт. Отту, адырашманды колдонуу шаманизмге байланышкан элдик ишенимден келип чыккан. Элдин ишениминде от, адырашман адамды ар кандай терс энергиядан тазалайт деп ишенишкен. Бул ырымды Манас районунда жашаган кыргыздарда колдонуп келет. Келиндин көңүлү ак болсун деп ак жоолук салат. Суук көздөн алыс болсун деп, шымылдык [8] (көшөгө) тартылат. Келин келгенден кийин кайын журту менен тааныштыруу, алардан көрүндүк алуу үчүн *"беташар"* тою [9] өткөрүлгөн. Беташар – жаңы келинге арналып айтылган ырдын бир үлгүсү. Казактын эзелтеден келе жаткан салттарынын бири – жаңы келген келиндин бетин эч кимге көрсөтпөй жоолук менен жаап алып келүү. Бул элде келиндин бетин күйөө тараптагы ырчы жигиттер, акындар же жамакчы аялдар ыр менен айтып ачышкан. Аткени жаңы үй-бүлө, жаңы коом келинге бейтааныш болгондуктан, алар менен таанышууда өзгөчө мааниге ээ болгон. Беташардын мазмунунда алгач келиндин жаштыгын, сулуулугун, жөндөмдүүлүгүн мактоо идеясы айтылса, кийинки саптарда күйөөсүн кандай сыйлап, кандай күтүүгө тийиш экендигин, күйөөнүн тууган-уруктарына кандай ызаат көрсөтөөрүн, үйгө келген конокко келин тарабынан кандай сый көрсөлөрү баяндалат. Мындан сырткары азил-чыны аралаш ар кимисинин ээлеген ордун, аброюн, кандай адам экендигин ыр менен тааныштыруу менен бирге келинге толуп жаткан акыл-насааттар жана эскертүүлөр айтылган. Келин ар бирин туура кабыл алгандай болуп, ийилип жүгүнүп салам берип турат. Өтүп кеткен ата-бабаларына бир салам деп, салам берилип башталган. Казакстанда жашаган казактардай эле Таласта жашаган казактарда да беташарында айтылуучу ыр бирдей айтылат.

Мисалы: Үй басына кыдырып, өсек айтпа келиншек,
Рас сөзди өзгертип, жалганга сатпа келиншек.
Үлкен киси келгенде, катарласып отырма,
Бир тизелеп жөн отыр, төмен карап бүгилип.
"Колыма келин келсе"- деп,
"Соны бир көрип өлсем" – деп,
Көп тартты сенин зарыңды – ай!
Ана турган енеңиз,
Сол енеңизге бир салем! [3, 22-бет]. – деп бет ачаар кезде келин ийилип жүгүнгөн сайын алкап баталарын берип жана берген көрүндүктөрүнүн баары жаңы баш кошкон үй-бүлөгө берилет.

Таластык түрктөрдө жана күрддөрдө келин эшиктин алдына келгенде алгачкы сыноодон өткөрүлөт. Ал көмкөрүлгөн тарелканын үстүнө кашык коюп буту менен сындырышы керек. Тарелка сындырганы жакшы, ал эми сындыра албай калганы жагымсыз белги катары жоромолдонот. Сындыра албаган келиндин өзү келген үйгө жакшылык алып келбейт го деген

арсар ойго да жетеленишип келет [13]. Ошол эле мезгилде мындай архаикалык, рационалсыз ырым тойдун жалпы шаңдуулугуна, жакшы ой-максаттардын басымдуулук кылышына жолтоо боло албаганын айта кетиш керек. Экинчи жагынан бул ырым жаш келиндерге чымыркаеып, үй-тиричилигинде тың болууга түрткү берет.

Аталган элдерде тойдо келиндин үстүнө конфет, тыйын, күрүч, буудайды чачыла кылып чачышат. Чачыланын ар бири өзүнчө маанини туюндурат: конфет – таттуу турмушту, тыйын – баргерчиликти, күрүч – ач көздүктөн алыс болууну, буудай – токчулук, молчулукту чакырат деп ишенишкен. Келиндин эркек туугандары (байкелери же таякелери) эшиктин кадаасына эки бычак сайып коёт, келиндин акысын бергиле деп, келиндин кайын журту тараптан өздөрүнө тиешелүү белектерин алышып, кызды киргизет. Келиндин манжаларын балга салып, босогонун үстүнкү жагына үч жолу тийгизет. Кудай сени ыймандуу кылсын, жашоосу балдай таттуу болсун деп, жаңы келинге тилек айтышат. Келинди үйдүн ичиндеги мешке (печка) үч жолу жүгүндүрүп, бийигирээк стулга отургузуп, жоолукту төрт чарчы кылып бош таштайт. Жоолуктун өңүнө маани беришпейт [12]. Жаңы келген келиндин колуна наристе эркек бала берет. Бул элде эркек баланын төрөлүшү маанилүү болуп саналат. Үй-бүлөнүн мураскору катары эркек наристенин төрөлүшүн каалагандыгы байкалып турат. Келиндин бетиндеги дубагды (азыркыча айтканда фата) эркек бир тууганы бычак менен үч жолу көтөрүп ачып берет [11].

Мусулман дини боюнча жаңы үйлөнгөндөргө нике кыйылат. Молдо чыныга таза суу куйдуруп алып, ага дуба түшүрөт. Күбөлөр аркылуу жубайлардын бири-бирине баш кошууга макулдугун сурайт. Никелешүүгө макулдук берилгенден кийин гана [4, 35-бет] молдо аларга нике кыят. Ал эми Талас өрөөнүндөгү түрк жана күрт элдеринде кыз өз макулдугу менен келсе кыздын үйүндө никелейт. Эгер ала качып алып келсе койдун кулагын кесип келиндин бутуна сыйпап, койду, беш кг сахар, беш кг күрүч, беш литр сары май менен “нике акысы” деп алып барып берет.

Кыргыз, казак элинде нике төшөгүн жеңелери салып берет. Төшөктүн үстүнө чүкө чачат, наристени оонатат, кээ бир кезде көп балалуу, кадыр-барктуу аялды да оонатып койгону белгилүү. Бул “Койнуңар балага толсун” деген ырымдоону түшүндүрөт.

Келин келгенде “жеңелери кууп” келет. Ал кыздын көңүлү менен келгенин билиш үчүн жасалат. Кыз өзү менен кошо жеңелерин ала келген учурлар да кезигет. “Таш түшкөн жеринде оор” деп жеңелери кетип жатканда кызынын этегине таш, балта, чот бастырып кетишкен. Мунун себеби темирдей кайраттуу, отко-сууга чыдамдуу жана жумушка эптүү болсун дегенди түшүндүрөт.

Кыз менен кошо келген жеңелерине, бир туугандарына ыраазычылык билдирүү менен бирге алардын көңүлүн алуу үчүн кийгизилген кийит белек катары эсептелген. Кийит даярдоодо ошол үйдөгү аялдын жеке өзүнүн уздугунун, чеберчилигинин деңгээли же анын кийимдерди бычтырып, тиктирүүдөгү жөндөмү, эстетикалык табити байкалган. Азыркы учурда болсо кийит кийгизүү байлыгын көрсөтүүгө умтулуп аша чапкандыкка айлантып жибергендер аз эмес десек жаңылышпайбыз.

Адатта никелешкен күнү жаңы үйлөнгөндөргө коюлуучу өкүл ата менен өкүл эненин аттары аталат. Аны үйлөнүп жаткан жигиттин ата-энеси көңүлү жакындарынан тандап алат. Өкүл ата, өкүл эне жаңы үй-бүлөгө кеп-кеңештерин айтып, турмушта кезигүүчү ар кандай сыноолордон татыктуу өтүп, ынтымактуу жарлардан болушуна, жашоодо ийгиликтерди камсыз кылууларына ар дайым көмөкчү болот деген ой менен дайындалат.

Ал эми үйлөнүүнүн башкы шарты *калың*. Ошондуктан кыз туулса *«кырк жылкың кут болсун»!* деп бекеринен айтышпаса керек. Калың күйөө тарабынан колуктунун ата-энесине берилүүчү нарктуу каражат. Бул каражатты алуу жана берүү жөрөлгөсү эзелтен келе жаткан салт. Илгери колунда барлар “тогуздап” мал беришкен. Аны жаш жубайларга ата-энелери тарабынан берилген жардам деп түшүнүү керек.

Жогоруда үйлөнүү тоюна байланыштуу этнографиялык материалдардын негизинде жалпылап берилген айрым ойлор чөлкөмдө жашаган элдердин маданиятындагы айырмачылыктарды гана эмес, жалпылыктарды да көрсөтүп турат. Тагдырлары бири-биринен

ажырагыс болуп калган ар кайсы улуттардын ортосундагы байланыштар маданиятты байытууга өбөлгө түзүүчү факторлордун бири экендиги айкын.

Коомдун өнүгүшү жана ага карата элдердин жашоо шарты, дүйнө таанымы да өнүгүүдө боло тургандыгы табигый көрүнүш. Ошол сыяктуу эле эл арасында колдонулуп жүргөн каада-салттар да жаңыланып, коомдун жана аң-сезимдин өсүшүнө, учурдун талабына шайкеш келе тургандай өнүгүү жолунда болуп келүүдө. Буга мисал катары бешик той, тушоо той, үйлөнүү үлпөтү, юбилей мурдагыга салыштырганда өзгөрүүгө учурагандыгына, жаңылангандыгына күбө болуп жүрөбүз. Улуттук каада-салттардын жаңы формага өтүшүнө жогоруда белгиленген факторлордон тышкары коңшулаш жашаган улуттардын каада-салттары жана алардагы өзгөрүүлөр да таасир берет. Натыйжада, айрым каада-салттардын нагыз улуттук сапаты азайып, улуттар аралык жаңы каада-салттын пайда болушуна алып келет. Акырында айтарыбыз элибиздин кылымдардан бери келе жаткан рухий мурасы турмушубузга көрк берип, жаш жеткинчектерди тарбиялоодо орду менен кенен колдонулушу кажет. Элдик каада-салтты туура колдонуу, кийинки муундарга жеткирүү практикалык чоң мааниси бар маселелерден.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Аргынбаев Х.А. Казак халкындагы семья мен неке. Гылым, Алматы, 1973
2. Басаева К.Д. Семья и брак у бурят (вторая половина XIX – начало XXвека). Наука, Новосибирск, 1980
3. Беташар. Алматы, Өнер, 1991
4. Джон А.А. Обряды, обычаи и поверья дунган Кыргызстана и Казакстана. Бишкек, Билим, 2007
5. Автордун талаа материалдары (Мындан ары - АТМ) 2011ж. Карабуура рай. Арчагул айылы, Акматалиева Нуркыз. 48 жашта.
6. АТМ 2010-ж. Карабуура району, Арчагул айылы, Байгобулова Жаныл, 75 жашта.
7. АТМ 2011-ж. Талас шаары, Жийдекул апа,
8. АТМ 2010-ж. Манас рай. Талас айылы, Жайымбаева Ибадат, 55 жашта.
9. АТМ 2011-ж. Манас рай. Кенеш айылы, Ташенова Бибихадша, 63 жашта.
10. АТМ. 2011-ж. Карабуура району, Аманбаево айылы,Чауш оглы Хошияр, 53 жашта.
11. АТМ. 2010-ж. Карабуура рай. Аманбаево айылы, Бешли оглы Фикрия, 72 жашта.
12. АТМ. 2011-ж Манас району Арал айылы, Чауш оглы Айша 58 жашта.
13. АТМ. 2010-ж. Карабуура рай. Павлы оглы Ханипа, 75 жашта.